**•Маареке**

# ОШТОГУ ЖЫЛУУЛУК ЭЛЕКТР БОРБОРУНА 35 ЖЫЛ

**ЖЫЛУУЛУК электр борборунун өнүгүшү, —анын түптөлүшү, көп жылдык тарыхы, бүгүнкү күндөгү кырдалдуу иш, анда иштеп эмгеги сиңген кызматкерлер тууралу ишкананын өндүрүштүк техникалык бөлүмүнүн начальниги О.М. Жирик баяндайт.**

Ош шаарында жана Кыргызстандын ага жакын жайгашкан райондорунда электр жана жылуулукка болгон керектөө өсө баштагандыгына байланыштуу 1960-жылы Ошто 50 мМк кубаттуулуктагы жылуулук электр борборун куруу жөнүндө чечим кабыл алынган. Анын долбоорун «ВНИПИэнергопром» институтунун Алма-Атадагы бөлүмү жүргүзгөн. Ал эми борбордун курулушу үчүн шаардын түндүк жагы тандалды.

Курулуш иштери 1963-жылы баштаган жана аны «Кыргызэнергострой» курулуш башкармасы жүргүзгөн. Ал эми монтаждоо иштерин «Средазэнергомонтаж» трестинин Кыргыз монтаждоо башкармасы аткарган.

Курулуп жаткан жылуулук электр борборунун (ЖЭБ) биринчи директору болуп— В. Дурцев, башкы инженери болуп— В. Дупленко дайындалган. 1964-жылдын августунан курулушту А. Барышев башкарган, ал эми 1965-жылы февраль айынан В. Старков директор болуп иштей баштаган. Ал 1984-жылга чейин ушул кызматта иштеп, үлкөн эмгек сиңирген.

ЖЭБдин биринчи ишке түшкөн күнү—1966-жылдын 12-июлу. Ушул жылдын ичинде борбор 57, 950 млн. кВт саат электр энергиясын иштеп чыгып, 301 Гкал жылуулук энергиясын берген. Борбордун курулуп ишке түшүшү менен Ош шаарында

1984-жылы ЖЭБге Кызыл-Кыя шаарындагы котельный кошулган. Бүгүнкү күндө биздин ишкана Ош шаарындагы 58 бюджеттик мекемени, 20 өнөр жай жана ага теңдешкен ишканаларды, ошондой эле 280 турак үйлөрүн, Кызыл-Кыяда —10 бюджеттик мекемелерди жана 20 турак үйлөрдү тейлейт. Ал эми 35 жылдын ичинде ЖЭБ тарабынан 6250,870 млн. квт. саат электр энергиясы иштелип чыккан жана 19055,910 миң Гкал. жылуулук энергиясы берилген. анын ичинде Кызыл-Кыяда —520,4 миң Гкал жылуулук энергиясы берилген.

БИЗ бул жөн гана цифраларды атаганыбыз менен, анын артында жүздөгөн кайратман эмгекчилердин мээнети турат. ЖЭБ



1996-жылдын март айына чейин Атабаев Токон Абдумаликович директор болуп иштешкен. 1996-жылдын март айынан ушул күнгө чейин Молдоисаев Абдыкалык Молдоисаевич директор болуп иштөөдө. Ал өзүнө тапшырылган ишти жоопкерчиликтүү аткарып жана да ишканада иштегендерге талапты коё билет.

Жылуулук электрборборун оштуктар «шаардын жүрөгү» деп аташат. Ал эми жүрөк тынымсыз иштөөсү керек, дал ошол тынымсыз ишти камсыз доонун үстүндө эмгек жамааты мээнет кылууда.

Бизде 30 жылдан ашуун иштешкен адистердин атын айтпай кетүүгө болбойт. Алар электрослесарь А.А. Пономаренко, смена начальниги В.А. Алшинский, электрослесарь М.С. Сахибназаров, Химцехтин слесары С.В.

ган: «ТЭЦ, Ош» (ЖЭБ. Ош ш.)

Химцехтин начальниги Долгова Ядвига Юлиановна 35 жылдан бери иштейт. Ал Союз учурунда энергетиктерди даярдоочу окуу жайы болгон Белоруссиядагы Молодечень политехникумун бүтүрүп жатканда ал үчүн алыскы болуп эсептелген Кыргызстанга

Албетте, жылуулук электр борборунда көп жыл эмгектенип, азыр ардактуу эс алууда жүргөндөрдү да эске алуу керек. Алар А. Алимов, Т. Сосунова, А. Кенжебаев, М. Штомпель, С. Большакова, Н. Юсупов, Б. Долгов жана башкалар.

Сөз акырында айтаарым,

